**Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби.**

№1 Токтому

27.09.2022 Жылдыз айылы

**Темасы :8-11 класстар арасында рэкетчилик,кылмыштуулук,зордук-зомбулук,суицидти алдын алуу,дин жана диний экстремизм,эрте никеге туру.**

Катышкандар: ата –энелер ,окуучулар,мектеп жамааты

- Ак-Суу районунун билим берүү бөлүмүнүн башчысы Жапаров Алтынбек
- Ак-Суу районунун ички иштер бөлүмүнүн балдар иштери боюнча инспектору тескөөчү милициянын капитаныУсубакунов Жолдош
- Ак-Суу райондук үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча тескөөчү адиси Султанбеков Рыспек
- Ак –Суурайондук ички иштер бөлүмүнүн балдар иштери боюнча тескөөчү Абылов Мирлан

Каралуучу маселелер:

1. 8-11 класстар арасында рэкетчилик,кылмыштуулук,зордук-зомбулук,суицидти алдын алуу,дин жана диний экстремизм,эрте никеге туру
2. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү.
3. Ар кандай суроолор

Угулду

соц.педагог Джолдошева Г.Э саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер,окуучулар.Бүгүн Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде «Биз зордук зомбулукка каршыбыз» деген темада ИДНдердин катышуусу менен чогулуш өтөт.

Мектепте зордук зомбулукка кылмыштуулукка каршы ар кандай иш чаралар өтүп жатат.Анын ичинен алсак «жоогазын кыздар уюму» «кырк чоро» балдар уюму.Ар кандай конкурстарды өтүп окуучуларды кызыктырып жооптуу кылып милдеттерин бекитип койгонбуз.

Сөз кезегин мектеп директору Дүйшембиева Толоркүлгө берилет.

Директор өз сөзүндө Уядан эмнени көрсөн үчканда ошону аласын деп ата энелерди балага зордук корсотпой туура тарбиялоону балдарга үлгүлүү ата эне болуп окууларына көнүл буурусуна чакырдыю

Ар бир класс тарткан дубал газетасын жактап,сценка коюп көрсөтүштү.

7-класс «Зордук зомбулук» деген темада сценка көрсөтүштү.Зордук зомбулуксуз жаркын келечек деген ураанын айтышты.

8- класс «мектеп рекети» деген темада сценка коюп Биз мектеп рекетине жол бербейбиз деген ураанын айтышты.

10-класс «суицид»деген темада сценка коюштуу.

11-класс кыз ала качу кылмышбы же салтпы? Деген темада сценка коюштуу.

Андан соң соц.педагог Жолдошева Г.Э ата энелерге балдарды тарбиялоо иштери боюнча ар кандай кызыктуу суроолорду берип жообун алып жатты.

Сөз кезеги Ак-Суу районун билим берүү бөлүмүнүн башчысы Жапаров Алтынбек Дүйшеевич саламатсыздарбы урматту ата энелер жыл башында абдан жакшы иштерди көрдүк мектепти ийгиликтер коштосун мугалимдер окуучулар менен жакшы иш алып барарын айтып кетти.Балдарга үлгү болуп туура тарбиялоону айтып кетти.Бактылуу эненин балдары бактылуу болот.

Ата энелер тарабынан Суйумкан апа сүйлөп иштеринерге ийгилик каалап кетти.

Жыйынтыктап жатып мектеп директору Дүйшембиева Тоолоркул зордук зомбулуксуз жаркын келечекте жашайлы деп баардык чогулуштун катышуучуларына ыраазычылык билдирип кетти.

Чечим:

1.Кылмыштуулуктун алдын алуу жана зордук зомбулукту токтоту иштери улантылып мектеп администрациясы жана ИДН менен биргелишкен иш пландын негизинде иш алып барылсын

2.Мектеп ичинде рэкетчилик алдын алуу боюнча иш жүргүзүлсүн.Кылмыштуулук,диний экстремизм,суицид боюнча окуучуларга ата-энелер менен бирдикте ар кандай темада ачык тарбиялык сабактар бат батан өткөрүлүп турсун.

3. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

Мектеп директору: Дүйшембиева Т.Б

Катчы: Усеналиева Д.К